Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төр-айымы
Шайлдабекова Нуржан Кармабековнага
Кыргыз Республикасынын жараны
Эсенакунов Марлистен
тел: +996 555 801 040

Арыз

Шайлоону таза жана ачык өткөрүү боюнча мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан чараларга карабастан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына ат салышып жаткан айрым адамдардын өлкө башчынын саясатына каршы келген мыйзамсыз иш-аракеттери орун алууда.

Тактап айтканда, өздүк булактар аркылуу №33 Нарын шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Баатырбеков Алмазбек Баатырбекович мыйзамда көрсөтүлгөн үгүтчүлөрдүн саны боюнча талабынан ашып, келишимсиз ашыкча жалдап, аларга тиешелүү салык төлөбөгөндүгү тууралуу маалымат келип түшкөн, бул мыйзамсыз иш-аракети менен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 41 беренесинин 14-1 пунктундакөрсөтүлгөн шайлоо мыйзамын бузган деп эсептейм.

Мындан тышкары, Алмаз Баатырбеков Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 28-беренесинин 3-пуктунда көрсөтүлгөн мыйзамды одоно бузган, тактап айтканда Алмаз Баатырбеков үгүт материалдарын үй ээси менен эч кандай келишим түзбөстөн Нарын шаарынын, Туту ата көчөсүндөгү 15-турак жайына жайгаштырып, үйдүн ээсине 1000 сом өлчөмүндөгү акча-каражатын төлөп берген, А.Баатырбековдун бул мыйзамсыз иш-аракетин шайлоочунун добушун сатып алгандыгы катары баалайм.

Ошондуктан, А.Баатырбековдун бул мыйзамсыз иш-аракеттерин тез арада компетенттүү органдар тарабынан текшерилип, тиешелүү укуктук баа берилиши керек.

Жогоруда билдирменин негизинде көрсөтүлгөн маалыматтарды текшерип, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чара көрүүнүнүздү суранам.

22.11.2021-ж.

Эсенакунов Марлис ________

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № Э-819
«24» 11 2021 ж/г